# Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык Кеңешинин

## № 4– токтому

**09. 04. 2022-жыл** **Базар-Коргон шаары**

**Чогулушка катышкан мугалимдердин – 40**
**Катышпаганы – 1, себептүү**
**Чогулуштун төрагасы: Оморов Т.**
**Катчы - Абдрахманова К.**

## Каралуучу маселелер:

**1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы “2021-2022-окуу жылы үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө” №264/1 буйругу менен бекитилген Жобону тааныштыруу.**

**УГУЛДУ : Оморов Т. – чогулуштун төрагасы:**

- Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү жыйналыштагы негизги маселе - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы “2021-2022-окуу жылы үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө” №264/1 буйругу менен бекитилген Жобону тааныштыруу үчүн сөздү окуу бөлүмүнүн башчысы М. Кадыркуловго беремин.

**УГУЛДУ : Кадыркулов М. - окуу бөлүмүнүн башчысы төмөндөгүлөргө токтолду:**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1-буйругунун негизинде Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 18-мартындагы “2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө “ №86-буйругу жарыяланды.

Аталган буйрукта көрсөтүлгөндөй, 2021-2022-окуу жылы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 2022-жылдын 8-июнунда аяктайт.

IX жана XI класстардын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругу менен бекитилген Жобонун негизинде ишке ашырылат.

**ЖМАнын максаттары:**

- Кыргыз Республикасынын ”Билим берүү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамдарынын аткарылышын көзөмөл кылуу;
- Окуучулардын негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнүн натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына дал келүүсүн аныктоо;
- билим берүүнү башкаруу системасына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мектеп ичиндеги мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү ишке ашыруу.

**Нормативдик актылар:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги №378/1 буйругу "Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобо"( КРнын ББИМнин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругу)

IX класстарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн ЖМА 2022-жылдын 11-июнунан 22-июнга чейин беш сабак(анын ичинен бир милдетүү , бир тандоо сабагы)

**- математикадан (алгебра) – комплекстүү жазуу тести 11-июнда**
**- кыргыз тили жана адабиятынан –дилбаяндын элементтери камтылган баяндама 14-июнда**
**- Кыргызстандын тарыхынан(оозеки) – 17-июнда**
**- орус тилинен - комплекстүү жазуу тести 20-июнда**
**- англис тили(терендетилген) оозеки сынак 22-июнда;**

XI класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн ЖМА 2022-жылдын 11-июнунан 23-июнга чейин беш сабак(анын ичинен бир милдетүү , бир тандоо сабагы)

**- кыргыз тили жана адабиятынан (Эссе) – 11-июнда**
**- математикадан (алгебра) комплекстүү жазуу тести – 14-июнда**
**- орус тилинен - комплекстүү жазуу тести - 17-июнда**
**- Кыргызстандын тарыхынан(оозеки) – 20-июнда**
**- англис тили(терендетилген) оозеки сынак 23-июнда**

Мектеп-гимназия IX жана XI класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн ЖМА базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн программаны эске алуу менен жалпы негизде милдеттүү түрдө бир же эки профилдик сабактар боюнча оозеки түрдө ЖМА дан өтүшөт. Ошол себептен тереңдетип окуткан бир сабак мектептин тандоосу менен англис тили милдеттүү коюлду.

**ЖМАны өткөрүү тартиби** боюнча өзгөртүлгөн учурлары бар. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Усулдук - Нускама каты усулдук бирикмелерге берилген. Усулдук бирикме жетекчилери Нускама катты ар бир мугалимге жеткирип, предметтик мугалимдер окуп түшүнүп, окуучуларга жана ата-энелерге да түшүнүк берүүгө милдеттүү

ЖМАнын сынак материалдары 2019-жылы кыргыз тили жана адабиятынан, математикадан, орус тилинен Сейф-пакет болуп жиберилген болсо, ЖМАны өткөрүү үчүн тексттер жана тапшырмалар министрликтин сайты http://edu.gov.kg жана www.ncokoit.kg сайты аркылуу сынак өткөрүлө турган күнү эртең мененки саат 6:00до алынат. Даярдык иш-чаралары көрүлөт: Техникалык жабдуулар, компьютер, принтер, А-4 форматтагы кагаздары даяр болушу жана ошол күнү предметтик сынак комиссиясы (ПК) жана сынак тапшыруучу бардык окуучулар өз убагында сынак өтүлүүчү жайда болуусу зарыл.Сынак материалдары катышуучу окуучулардын санына жараша көбөйтүлүп таратылат. Нускама берүү, мектептин штампы басылган барактар жана черновиктер таратылып берилет. Жазуу сынак ишинин баш барагын толтурушат. Сынактын башталышы, узактыгы жана аякташы, тыныгуу убактысы доскага жазылат.

Окуу предметтери боюнча сынактардын өткөрүү убактысына( окуучуларга сынак материалдарын көбөйтүү, таратуу, нускама берүү ж.б.) кирбейт. Сынактын узактыгы 4 саат жана андан көп убакыт болсо, анда ПК менен макулдашуунун негизинде окуучуларга 15-20 мүнөттүк танапис берилет.

**Сынактарды өткөрүүнүн формалары**

**XI класстарда кыргыз тили жана адабиятынан жазуу сынагы эссе өткөрүлөт.** Сынакка 5 астрономиялык саат берилет. Эссенин темалары

министрлик тарабынан аныкталат. Бүтүрүүчүлөрдүн тандоосуна ар кандай проблематиканы камтыган 3 текст сунушталат:

- **көркөм текст – проза;**
- **көркөм текст – позия;**
- **публицистикалык текст**

Окуучу бир гана текстти тандап алат. Окуучулардын тандаганына жараша тексттерди көбөйтүү керек.

Эссени жазууда тексттин структурасы так жана толук сакталышы зарыл. Эссенин көлөмү 150дөн кем эмес жана 300 сөздөн көп эмес болушу керек. Орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдү пайдаланууга уруксат берилет Сынак иштерин мөөнөтүнөн мурда аткарып бүткөн окуучулар чыгып кетүүгө укуктуу.

**IX класстарда кыргыз тили жана адабиятынан дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама** жазылат. Сынакка 4 астрономиялык саат берилет. Баяндаманын тексти бардыгы үчүн бирдей болуп, текст эки жолу окулат. 1- жана 2-окулуунун ортосунда текстти түшүнүү үчүн 3-4 мүнөт берилет. Сунушталган тексттин көлөмү 250 - 300 сөздү түзсө, анда анын негизинде жазылган баяндаманын көлөмү да ошончо болуп, ичинде камтылган дилбаяндын элементтеринин көлөмү 80 сөздөн кем болбошу, же тексттин үчтөн бир бөлүгүн түзүшү керек.

**Эскертүү:** Жазуу иши эки баа менен бааланат. Мазмуну жана грамматикасы. Жалпы жыйынтыкталган ведомостко да эки баа коюлат( кыргыз тили жана адабияты боюнча)

**Математика(алгебра) IX класстарда комплекстүү жазуу тести** 2 вариантта түзүлгөн. Сынакка 4 астрономиялык саат берилет. Тест үч бөлүккө бөлүнгөн 25 тапшырмадан турат:
**1-бөлүк – бир жоопту тандоо тапшырмалары (20 тапшырма);**
**2-бөлүк – кыскача жоопту камтыган тапшырмалар (2 тапшырма);**
**2-бөлүк – кеңири жоопту камтыган тапшырмалар (3 тапшырма).**

**Орус тили боюнча IX жана XI класстарынын** окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы, өзүнө функционалдык лексиканы жана грамматиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн камтыган тест түрүндө өткөрүлөт.
**IX класс - 1,5 саат** Лексика. Грамматика (40 мүнөт) Окуу жана түшүнүү (50 мүнөт)
**XI класс – 2,5 саат** Лексика. Грамматика ( 50мүнөт). Окуу жана түшүнүү (60мүнөт)
**3-бөлүк** жат жазуу тапшырмасы менен (11-класстардын окуучулары үчүн гана 40мүнөт)

**ЖМАнын жыйынтыктары**

Жазуу сынак иштерин текшерүү тартиби министрликтин нускамалык усулдук катынын негизинде аныкталат.

Жазуу сынак иштерин текшерүү жана баалоо эки жумуш күнүнөн ашпаган убакытта жүргүзүлөт.

ЖМАнын **"2" ( канааттандырарлык эмес )** жана **"5" ( эң жакшы )** деген бааларына рецензия жазылат.

ЖМАны өтпөгөндөргө жана бир окуу сабагы боюнча тапшыра албай калган IX жана XI класстардын окуучуларына жеке арызы менен кайрылган учурда ЖМАны кайталап тапшыруу укугу берилет.

**Эскертүү** Окуучулардын жыйынтыктоочу баалары класстык журналга( негизги жалпы билими тууралуу күбөлүктөрдү жана(же) жалпы орто билими тууралуу аттестат берүү китебине, өздүк ишине, ЖМАнын жалпы жыйынтыкталган ведомостко) жазылат.

2022-жылдын 30-майынан 7-июнга чейин сабактан тышкаркы мезгилдерде 11-класстардын окуучуларына дене тарбиядан зачёт өткөрүлөт.

Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап, мектептин педагогикалык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы “2021-2022-окуу жылы үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө” №264/1 буйругу менен бекитилген Жобо бир добуштан жактырылсын.

2. Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 18-мартындагы “2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө “ №86-буйругу аткарууга алынсын.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын предметтик комиссиясынын (ПК) курамы 5 адамдан (төрага, сынак алуучу мугалим, жардамчы предметтик мугалимдер) түзүлсүн. ПК ЖМАны өткөрүүдө жана окуучулардын жазуу иштерин баалоодо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нускама-усулдук каттарын жетекчиликке алышсын.

4. IX жана XI класстарынын бүтүрүүчүлөрүнүн 2021-2022-окуу жылындагы жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жадыбалы түзүлүп, бекитилсин жана ЖМА сынагы башталгандан бир ай мурда мектептин бардык окуучуларына көрүнө турган жерине чыгарылсын..

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы “2021-2022-окуу жылы үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө” №264/1 буйругу менен бекитилген Жобо IX жана XI класстардагы окуучуларга жана ата-энелерге тааныштыруу, кол койдуруу класс жетекчилерине (Тилегенова Н., Шерматова Г., Орозова А., Уралбекова Б.) милдеттендирилсин.

6. IX жана XI класстарынын окуучуларын окуу жылы аяктаганга чейин бардык сабактарга катышуусун, жетишүүсүн көзөмөлдөө, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга даярдык көрүүсүн жана ийгиликтүү тапшыруусун ар дайым көзөмөлгө алуу класс жетекчилерине жана ата-энелерине милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы М. Кадыркуловго тапшырылсын.

**Чогулуштун төрагасы:** **Оморов Т.**

**Катчы:** **Абдрахманова К.**